# БАУнун Камкорчулар Кеңешинин Төрагасы д-р Шамш Кассим-Лакханын сүйлөгөн сөзү

*Бисмиллахиир рохманиир рахиим!*

Улуу Урматтуу Кыргыз Республикасынын Билим жана Илим Министри Иманалиев Каныбек Капашевич!
Улуу Урматтуу Тажикстандын Билим жана Илим Министри Саидзода Рахим Хамро!
Урматтуу Нарын облусунун губернатору Алтынбек Эргешов жана Тоолуу-Бадахшан автономиялуу облусунун губернатору Мирзонабот Алишер Худоберди!
Урматтуу Ханбийке Захра Ага Хан жана Камкорчулар Кеңешинин мүчөлөрү!
Урматтуу Гуманитардык жана так илимдер Мектебинин деканы Максим Хомяков!
Урматтуу БАУнун окутуучулары жана кызматкерлери!
Урматтуу кең пейилдүү донорлор, ыктыярчылар жана БАУнун дүйнө жүзүндөгү достору!
Урматтуу ата-энелер жана үй-бүлө мүчөлөрү!
Ардактуу меймандар!
Жана да эң башкысы, кымбаттуу бүтүрүүчүлөр!

Ассалому алейкум жана кутмандуу таңыңыздар менен Нарын жана Хорог кампусундагы баарыңыздарга! Ошондой эле Борбор Азиядан жана башка өлкөлөрдөн бизге кошулуп жаткандарга салам айтам!

Камкорчулар Кеңешинин атынан БАУнун үчүнчү Бүтүрүү аземинде сиздер менен учурашып жатканыма кубанычтамын. Бул күн ушундай бир күн: бүгүн биздин бүтүрүүчүлөрдүн жетишкендиктерин баалап-барктайбыз, алардын кубанычтарын тең бөлүшөбүз, ошондой эле алардын коомго көрсөтө турган оң таасирлерине жана ийгиликтерине үмүт артабыз.

Биздин 76 бүтүрүүчүнүн көпчүлүк бөлүгүн айымдар түзөт жана дээрлик 70%ы айыл жергесинен жана чакан шаарлардан келгендер. Алар 1500дөй тапшырган талапкерлердин арасынын жалаң гана артыкчылыгы менен айырмаланып окууга кабыл алынгандар.

Мына азыр, беш жылдан соң, бүтүрүүчүлөр БАУнун адистиктеринин катуу талаптарына жана жогорку стандарттарына шайкеш келген өзүлөрүнүн туруктуулугун, тырышчаактыгын жана таланттарын далилдей алышты. Көптөгөн көйгөйлүү маселелерди, алардын ичинде күттүрбөстөн кокусунан келген COVID-19 опурталдуу кырдаалын жеңип өтүүнүн зарылдыгына карабастан жогорудагыдай жетишкендиктерге ээ боло алышты.

Бирок муну менен катар алар өзүлөрүнүн жеке тарыхтары, жеңиштерге жете билген чечкиндүүлүгү, ынтызарлык кызыгуулары жана өздүк академиялык артыкчылыктары менен биздин Нарын менен Хорогдогу студенттик шаарчаларыбызды байытышты. Алар өзүлөрүнүн жаңы идеяларга жана чакырыктарга кунт коюп көңүл бура билген жана сынчыл көз менен карай алган, ошондой эле дүйнө менен өз ара аёо, жан тартуу жана жоопкерчилик сезимдерин жетекчиликке алып алакалашуудагы шыктуулуктарын айгинелешти.

*Кымбаттуу бүтүрүүчүлөр!* Бүгүнтөн баштап силер биздин студент болбой каласыңар. Бирок силердин БАУдагы даражаңар андан да бийик болот, анткени силер эми биздин бүтүрүүчүлөрүбүз болуп каласыңар. Ошентип силер мындан ары БАУ үй-бүлөсүнүн бир бөлүгү болуп каласыңар.

Балким силер биздин дипломду алгандан кийинки болочок магистратура же аспирантура программаларыбызга жазылып же бизге окутуучу, изилдөөчү, кызматкер же ыктыярчы катары, кошулушуңар да ыктымал. Кыскасын айтканда, силер окууну аяктап жатасыңар, бирок бизден же өзүңөр менен чогуу окугандардан кол үзбөстөн, мамилелерибиздин келечекте мындан ары да уланышына үмүт кылабыз.

Бүтүрүү аземи – бул бүтүрүүчүлөрдүн академиялык ийгиликтерине өбөлгө болгон бардык адамдар: окутуучулар, кызматкерлер, университеттин жетекчилиги жана Камкорчулар Кеңешинин мүчөлөрү үчүн сыймыктануу мезгили. Баарынан мурда, ушул күндү көрүш максатында силердин ата-энеңер, үй-бүлөңөр жана досторуңар көрсөткөн колдоо үчүн аларга ыраазычылык билдирүү мезгили. Биз алардын жасаган мээнеттерин чын жүрөктөн кабыл алабыз.

Канцлердин жана Камкорчулар Кеңешинин атынан терең ыраазычылык билдирем. Ошону менен бирге университеттин Колдоочуларына – Тажикстандын, Кыргыз Республикасынын жана Казакстан Республикасынын Президенттерине – биздин өсүү жолундагы агартуу мекемебизге көрсөткөн баа жеткис колдоосу үчүн чын дилден ыраазычылык билдиребиз.

Биз үч негиздөөчү-мамлекеттердин билим жана илим министрликтерине инновациялык билим берүү программаларын жайылтууда көрсөткөн жардамдары үчүн ыраазычылык билдиребиз. Биз Нарын, Хорог жана Текели жергесиндеги облустардын губернаторлоруна жана мэрлерине БАУну өз коомчулуктарына жылуу кабыл алган үчүн ыраазыбыз.

Негиздөөчүлөр БАУну Нарын, Хорог жана Текели шаарларынын тоо койнундагы аймактардан орун алышын чечишкенде, аталган шаарлардын “университеттик шаарчалар” катары өнүгүшү кыялдардын бири болгон эле.

Университеттик шаарча – бул жогорку билим аркылуу экономикалык, социалдык жана маданий жигердүүлүктүн алдыңкы кыймылдаткыч күчү катары иш менен камсыз кылуу менен жана инвестицияларды тартып келе турган шаар дегенди билдерт. Бактыга жараша, Нарында жана Хорогдо экиден университет бар. Эсибизге Оксфорд менен Гейдельберг университеттери түшөт.

Андыктан БАУ Хорог Мамлекеттик Университети жана Нарын Мамлекеттик Университети менен илимий ишмердүүлүктө жана өнүктүрүү жаатында жашоонун сапатын жакшыртуу үчүн кызматташып, бир күнү динамикалуу университеттик шаарга айлантууну максат кылат.

БАУ жана анын өнөктөштөрү “университеттик шаарчага” айландыруу максатындагы жолдо бир нече маанилүү кадамдарды жасаганга жетишти. Бул багыттагы соңку демилгелердин бири болуп Хорог жана Нарын шаарларынын туруктуулугун жогорулатуу

долбоорлору эсептелет. Бул өнөктөштүк тиешелүү өкмөттөрдүн ортосундагы экономикалык маселелер боюнча Швейцариялык катчылык менен Ага Хан Өнүктүрүү Уюму аркылуу жүзөгө ашып жатат. Анда шаарды туруктуу пландаштырууга, мамлекеттик кызматкерлердин билимин жогорулатууга жана туруктуу инфраструктурага салынган инвестицияларды демонстрациялоого багытталган жаңы программалар камтылган.

Бирок бул талыкпаган күч-аракеттер жана демилгелер канчалык маанилүү болбосун, натыйжада дал ушул БАУнун 3 Мектебинин бүтүрүүчүлөрүнүн ийгиликтери аймакка орчундуу салым кошо алат деп эсептейм. Алар ишкерлер, новаторлор, изилдөөчүлөр, мамлекеттик кызматкерлер жана келечекте түзүлө турган өз тармактарынын лидерлери боло алышат. Алардын жетишкен ийгиликтери баардыгыңыздарды бүгүнкү күндөн да көбүрөөк сыймыкка бөлөй турганында эч кандай шек жок. Эмесе, кымбаттуу бүтүрүүчүлөр! Бүгүнкү өтө кубанычтуу саамалыкка карата чын дилден чыккан каалоо-тилектерди кабыл алып койгула.

Акырында айта кете турган сөз, дүйнөгө из калтыра турган силерди карап туруп, мындан 35 жыл мурда болуп өткөн Ага Хан Университетинин дагы бир салтанаттуу бүтүрүү аземи эсиме түштү. Бул салтанаттын урматына Ага Хан Университетинин Президенти катары окуусун эң мыкты аяктаган эң сонун бир студентти эстедим жана ал медицинанын педиатрия тармагында академиялык карьераны тандап алган да, андан соң Ага Хан Университетинин профессору болуп калды. Ал өзүнүн эң сонун таасирлүү илимпоздугу, лидерлик сапаттары, тырышчаактыгы жана мээнеткечтиги менен Ага Хан Университетинин эң белгилүү бүтүрүүчүлөрүнүн бири болуп эсептелет. Ал инсан – доктор Анита Заиди, “Билл жана Мелинда Гейтс” Фондусунун 6 президентинин бири. Бүгүн ал биздин негизги баяндамачыбыз болгону бизди кубандырат. Ал бүтүндөй дүйнө жүзүндө көптөгөн адамдар үчүн өтө өрнөктүү үлгү болгондой эле, силердин алган билимиңер да силерди күндөрдүн бир күнүндө өз кесибиңердин туу чокусуна чыгарганга даярдаганында жана болочок муундагы бүтүрүүчүлөрдү шыктандыра турганында эч кандай күмөнүм жок.

Урматтуу бүтүрүүчүлөр!
Силер өзүңөрдүн сапарыңардын кийинки баскычын баштаганда доктор Заиди сыяктуу эле максатыңарга жетүүдө ынтызарлык жана жан дил менен берилгендик, жан аябаган өжөрлүк сапаттарыңар чечүүчү мааниге ээ болот деп эсептейм. Эсиңерге алып койгула, биздин бата-тилектерибиз ар дайым силердин ийгиликтер үчүн болот!

Рахмат!